**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**"НУР" ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ**

| СУНУШТАЛДЫ | БЕКИТЕМИН |
|---|---|
| "Нур" ЖАКтын мам.тил.б.д.о.б | "Нур" ЖАКтын директору |
| ___________ Г.Ч. Калдарбекова. | ___________ З.Э. Матанбаева. |
| "04" ______09______2018-ж. | "09" ______09______2018-ж. |

# "Нур" ЖАКтын Ата-энелер комитети жөнүндө жобосу

ЖАЛАЛ-АБАД 2018

«НУР» ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИНИН АТА-ЭНЕЛЕР КОМИТЕТИНИН ТҮЗҮЛҮШҮ, ИШ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ БОЮНЧА ЖОБОСУ

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

**Максаты -** Бул жобо «Нур» ЖАКтын окутуучулар жамааты менен студенттердин ата-энелеринин ортосундагы кызматташтыкты бекемдөөнү көздөгөн Ата-энелер комитетинин түзүлүшүнө, иш алып баруу тартибине, милдеттерине жана укуктарына тиешелүү эрежелерди аныктоо максатында түзүлдү.

**Мазмуну -** Бул жобо «Нур» ЖАКтын окутуучулар жамааты менен студенттердин ата-энелеринин ортосундагы кызматташтыкты бекемдөөнү көздөгөн Ата-энелер комитетинин түзүлүшүнө, иш алып баруу тартибине, милдеттерине жана укуктарына тиешелүү эрежелерди камтыйт. Бул жобо «Нур» ЖАКтын Уставынын негизинде даярдалды.

Бул нускамада төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

Үй-бүлө: Студенттин апасы/атасы же мыйзамдуу түрдө жоопкерчилигин алган кишилер;

Түзүмдүн жетекчиси: «Нур» ЖАКтын директору;

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

**Ата-энелер комитетинин максаты, милдеттери жана ага мүчө болуу.**

Ата-энелер комитетинин максаты: Ата-энелер комитети колледж менен ата-энелердин ортосунда мамиле түзүү, байланыш жана кызматташтыкты жүргүзүү, окуу-тарбия иштерин өнүктүрүүгө багытталган иштерге жардам берүү, материалдык жактан жардамга муктаж студенттерге көмөк көрсөтүү, окуу жайды тааныттуу, колледжге кеңеш берүү максатында түзүлөт.

**Ата-энелер комитетинин милдеттери:**

1) Студенттерге улуттук жана моралдык баалуулуктарды үйрөтүү, талапка ылайык заманбап билим берүү максатында колледж менен ата-энелердин ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө;

2) Колледждин көздөгөн мүдөө-максаттарынын ишке ашуусуна жана өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү;

3) Музыка, театр, спорт, көркөм өнөр, түрдүү курс, мелдеш, семинар сыяктуу иш-чараларды уюштурууда колледждин жетекчилиги менен кызматташуу;

4) Колледждин имарат, аудитория, лаборатория, зал жана бөлмөлөрүн оңдоп-түздөө, техникалык жабдыктарды жаңылоо, жакшыртуу, кошумча имараттарды куруу, окуу-тарбия иштерине керектелүүчү окуу куралдар жана басылмалар менен камсыздоо маселесине көмөк көрсөтүү жана мүмкүн болсо салым кошуу;

5) Колледждеги эрежелер тууралуу ата-энелерге маалымат берүү, ошондой эле жаштарды жаман жолго азгырган ар кандай терс көрүнүштөрдүн алдын алуу максатында окуу жайдын жетекчилиги менен өз ара кызматташуу аркылуу көмөк көрсөтүү;

6) Студенттерди ден соолукту чыңдоого жана өздүк гигиенага көңүл бурууга үндөгөн биргелешкен иш-аракеттерге көмөктөшүү;

7) Коомдук, маданий иш-чараларды уюштуруу жана катышуу;

8) Колледждин жетекчилиги менен кызматташуу, окуу жайга жана жардамга муктаж студенттерге материалдык, моралдык жактан колдоо көрсөтүү;

9) Билим берүү жана коомдук мекемелер менен кызматташуу;

10) Бүткүл колледжди ата-энелерге, коомчулукка жана тиешелүү тармактарга тааныттуу, ошондой эле колледж менен ата-энелердин суроо-талаптарын аныктоо;

11) Студенттер баш ийүүгө тийиш болгон эрежелерди ата-энелерге түшүндүрүү жана окуу жайга тиешелүү этикеттер менен жоболор жөнүндө аларга маалымат берүү;

12) Студенттердин ийгиликтерин арттыруу максатында ата-энелер менен иш алып баруу;
13) Колледждеги окуу процесси менен тааныштыруу үчүн ата-энелерди колледжге алып келүүнү уюштуруу;
14) Ата-энелердин колледж жөнүндөгү ой-пикирлерин талдоо;
15) Колледждин мүмкүнчүлүгүнө жараша студенттердин коомдук, маданий иш-чараларга катышуусу үчүн ата-энелердин колдоо көрсөтүүсүнө шарт түзүү, уюштуруу;

**Мүчө болуу**

Тиешелүү колледждин кызматкерлери, о.э., студенттердин ата-энелери, Ата-энелер комитетинин жалпы кеңешинин туруктуу мүчөлөрү болуп саналат. Тийиштүү түзүмдүн кызматкерлери иштен кеткенде алардын мүчөлүгү жараксыз деп табылып, ал эми студенттер окуу жайды бүтүргөндөн кийин ата-энелер комитетине мүчө болуу укугунан ажырайт.

***Жалпы кеңештин милдеттери***

Ата-энелер комитетинин башкаруу кеңеши жалпы кеңеш тарабынан дайындалган жана ата-энелерден тандалган 1 төрөгө жана 5тен 8ге чейинки мүчөдөн түзүлөт. Башкаруу кеңеши шайлоодон кийинки алгачкы жуманын ичинде чогулуп, орун басарын, бир катчыны шайлап, бир жылдык иш планын түзүшөт жана тиешелүү жумуштарды бөлүштүрөт. Ата-энелер комитетинин башкаруу кеңеши кийинки жалпы жыйынга чейин өз милдетин аткарат.

**Ата-энелер төрагасынын (төрайымынын) милдети, укугу жана жоопкерчилиги**

1) Башкаруу кеңеши өз ишин жалпы кеңеш кабыл алган чечимдердин негизинде, тиешелүү окутуучулар кызматташтыгы жана көзөмөлү аркылуу жүзөгө ашырат.

2) Окуу-тарбия иштеринин сапатын жакшыртууга багытталган сунуш-пикирлерди билдирүү менен бирге бул маселе боюнча болгон көйгөйлөрдү чечүү максатында колледж жетекчиси жана окутуучулар менен ата-энелердин ортосунда кызматташуу жүргүзөт.

3) Окуу жылынын ичинде кеминде эки жолу жыйын өткөрөт.

4) Жыйындар көпчүлүк мүчөлөрдүн катышуусу менен өтүп, чечимдер көпчүлүктүн добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең чыккан учурда төраганын добушу чечүүчү ролду ойнойт.

5) Төрага орун басары төрага жокто убактылуу анын милдетин аткарат, катчы мүчө иш кагаздарын жүргүзөт. Катчынын милдетин тиешелүү окутуучулардын катчылары аткарат. Башкаруу кеңешинин чечимдери атайын даярдалган журналга жазылып, ага кол коюу аркылуу кабыл алынат.

6) Эскертүүсүз катары менен үч жолу чогулушка катышпаган башкаруу кеңешинин мүчөлөрү комитеттин курамынан чыгарылат.

7) Башкаруу кеңешинин мүчөлөрүнүн саны төрттөн аз болгон учурда жалпы кеңеш атаэнелер комитетинин башкаруу кеңешинин төрагасы тарабынан чукул жыйынга чакыртылат.